УДК:2-9:21/29(575.2)(04)

**Усубалиева Айнура Садановна**
Талас Мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Алмазбек кызы Айдана,** ТалМУнун магистранты

**ЫЙЫК ЖАЙЛАР ЖАНА КЫРГЫЗДАРДЫН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ МУРАСЫ**
**(Талас облусунун мисалында)**

**Усубалиева Айнура Садановна**
Таласский государственный университет, кандидат исторических наук, доцент
**Алмазбек кызы Айдана,** магистрант ТалМУ

**САКРАЛЬНОЕ МЕСТА И ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ КЫРГЫЗОВ**
**(На примере Таласской области)**

**Usubalieva Ainura Sadanovna**
Talas State University candidate of Historical Sciences, Associate Professor
**Almazbek kyzy Aidana**, Master's student TalMU

**SACRED PLACES AND HISTORICAL AND CULTURAL HERITAGE OF THE KYRGYZ**
**(Based on the example of the Talas region)**

**Аннотация**. Бул макалада кыргыз элинин анын ичинде Талас облусунда ыйык деп сакталган тарыхый жана руханий обьекттери жөнүндө маалымат берилет. Кыргыз элинин дүйнө таанымында ыйык жайлар, тоолор, таштар, күмбөздөр, үңкүрлөр, дарактар, петроглифтер жана мазарлар өзгөчө чоң мааниге ээ болгон. Булардын ар бири кыргыз элинин руханий ишенимдери, салт-санаасы жана тарыхы менен тыгыз байланыштуу болуп, бүгүнкү күндө да бул обьекттердин көбү сыйынуучу жана зыярат кылуучу жайлар катары сакталып келет. Кыргыз элинин табиятка болгон сый-урматы жана ыйык жайларды жана обьекттерди сактоо салттары да изилденип, бул мурастарды коргоонун маанилүүлүгү баса белгиленет.

Алардын ыйыктыгы ата-бабалардын рухуна болгон сый-урмат жана табият менен болгон байланыш аркылуу да түшүндүрүлөт. Айрым жерлерде бул тарыхый эстеликтер диний жөрөлгөлөрдү өткөрүүчү ыйык жайлар катары сакталып келген. Бүгүнкү күндө бул мурастар маданий жана туристтик мааниге ээ болуп, кыргыз элинин тарыхын, руханий дүйнөсүн жана байыркы доорлордон калган билимдерин чагылдыруучу маанилүү тарыхый булак катары корголуп жатканы каралат. Макалада алардын руханий мааниси жана тарыхый ролу талдоого алынат.

**Негизги сөздөр:** ыйык жерлер, мазарлар, зыярат кылуу, Манас атанын күмбөзү, булактар, маданий мурастар.

**Аннотация**. В данной статье представлена информация об исторических и духовных объектах кыргызского народа, в том числе почитаемых как священные памятники в Таласской области. Особое значение в мировоззрении кыргызского народа имели святыни, горы, камни, мавзолеи, пещеры, деревья, петроглифы и гробницы. Каждый из них тесно связан с духовными верованиями, традициями и историей кыргызского народа, и сегодня многие из этих объектов сохраняются как места поклонения и паломничества. Также будет изучено уважение кыргызского народа к природе и традициям сохранения святынь и объектов, подчеркнута важность сохранения этого наследия.

Их святость также объясняется уважением к духам предков и связью с природой. В некоторых местах эти исторические памятники сохранились как святыни для религиозных церемоний. Сегодня считается, что это наследие имеет культурное и туристическое значение и охраняется как важный исторический источник, отражающий историю, духовный мир и знания кыргызского народа с древних времен. В статье анализируется их духовное значение и историческая роль.

**Ключевые слова:** святые места, гробницы, паломничества, мавзолей Манас-Аты, источники, культурное наследие.

**Abstract**. This article provides information about the historical and spiritual sites of the Kyrgyz people, including those revered as sacred in the Talas region. Shrines, mountains, stones, mausoleums, caves, trees, petroglyphs and tombs were of particular importance in the worldview of the Kyrgyz people. Each of them is closely connected with the spiritual beliefs, traditions and history of the Kyrgyz people, and today many of these sites are preserved as places of worship and pilgrimage. The respect of the Kyrgyz people for nature and the traditions of preserving shrines and objects will also be studied, and the importance of preserving this heritage will be emphasized.

Their sanctity is also explained by their respect for the spirits of their ancestors and their connection with nature. In some places, these historical monuments have been preserved as shrines for religious ceremonies. Today, it is considered that this heritage has cultural and tourist significance and is protected as an important historical source reflecting the history, spiritual world and knowledge of the Kyrgyz people since ancient times. The article analyzes their spiritual significance and historical role.

**Keywords:** Holy places, tombs, pilgrimages, mausoleum of Manas Ata, springs, cultural heritage.

Кыргызстандын аймагында ыйык жайлар көп жылдар бою калыптанып келген жана алар ар түрдүү ыйык - табигый жана жасалма объекттерди түзгөн. Кыргыздардагы көптөгөн ыйык жерлердин өзгөчөлүктөрүнүн бири катары аралаш, синкреттүү мүнөзүн айтууга болот. Ал маданий-тарыхый таңуулоолордун, исламдын жана ошол аймактарда тараган башка диндердин натыйжасы десек жаңылбайбыз.

Дарыя жээктеринен, өрөөндөрдөн, капчыгайлардан жана алыскы тоолуу аймактардан бак-дарактардын, бадалдарын бутактарына байланган кездеменин ичке айрындысын, жип, жада калса кол жоолуктарды кийинки жылдарга чейин эле көп көрүп жүрдүк. Адатта, мындай дарактар булактардын, күмбөздөрдүн, мазарлардын жанында кездешет. Ыйык жерлердин колдоочуларына өтүнүч жана сыйынуу менен аттын кылын, чүпүрөктү байлоо салтынын тамыры кылымдардын тереңине кетет. Кыргыздар мындай ритуалды аткаруу менен ата-бабалардын жана жоокер баатырлардын, от менен суунун, тоолордун, булактардын жана бак-дарактардын рухтарына сыйынышкан. Алар жаратылышка жакын болуп, аны, өзүлөрүнүн бакубат жашоосун камсыздоочу кудуретке ээ деп элестетишкен. Азыркы күндө мындай ишенимдер алтайлыктарда туруктуу сакталып келе жаткандыгын айта кетсе болот. Бүгүнкү күндө дин чөйрөсүндө болуп жаткан жүрүмдөр, анын ичинде ислам дининин таасиринин кеңири жайылышы жана күч алышы, мурдагы доорлордогу көөнө ишенимдер менен ага байланыштуу ритуалдардын солгундашына таасир берген негизги фактор болуп калды. Азыр мазарларда бак-дарактарга чүпүрөк байлап тилек кылуу сыяктуу көрүнүш дээрлик кездешпей калганын изилдөөлөр көрсөттү.

Ыйык китеп куранга терең таазим кылуу, анын сүрөөлөрүн окуу, намаз окуу, орозо кармоо ислам динин бекем туткандар үчүн парз. Ал эми ата – бабалардын рухтарын урматтоо, мазарларга, баатырлардын жана уруу башчыларынын күмбөздөрүнө зыярат кылуу ислам динине карама-каршы келет. Ошону менен бирге, ушул кезге чейин эле кыргыздарда исламга чейинки ишенимдер менен мусулман дининин айкалышып жашап келе жаткандыгы адамдардын бир бөлүгүнүн практикасынан сезилип турат.

Кыргыздар ар кандай ыйык жерлерди мазар деп аташат. Бул сөз эч кимдин мүрзөсү эмес: мазар араб сөзүнөн алынган "зыярат кылуучу жер" дегенди билдирет. Зыярат кылуучу жай мусулман олуясынын мүрзөсү же адамдардын аң-сезиминде ыйык мүнөзгө ээ болгон күчтүн өзгөчө орду болуп саналат. Ага ар кандай шыпаа издөө, каалоолордун жана тилектердин кереметтүү аткарылышы таандык. Мындай эзелтен белгилүү болгон ыйык жерлерге тоолор, таштар, үңкүрлөр, күмбөздөр, дарактар, булактар кирет.

Сакралдуу жерлер табияттын жана маданияттын бирдиктүү көрүнүшү жана адамдар зыярат кылган касиеттүү аймактардын тармагы. Алар зыярат кылган «жер-суу аймактары, жергиликтүү элдин аң-сезиминде ыйык мүнөзгө ээ болгон имараттар жана объектилер» болуп саналат. «Айгине» илимий-изилдөө борборунун изилдөөчүлөрү көп жылдык талаа иштеринин жүрүшүндө Кыргызстан боюнча

1063 ыйык жердин тизмесин түзүп, алардын негизги белгилерин аныктап, сүрөттөп, мазарлардын элдик классификациясын жазып, жаңыларын сунуштоого жетишкен [6].

Ыйык жерлерге зыярат кылуу – ниетти (тилек), кеңири ырым-жырымдарды (ырым) жана амалдарды (кыймыл-аракет) камтыган руханий иш. Кыргыз элинде балалуу болууну тилөөдө элден бата алуу абдан зор мааниге ээ эле. Мындай ырымдарды аткарган адамдар кудайдан "бала бер" деп суранышат. Тилектери ишке ашып, балалуу болгон учурда кыргыздар Кудайберген, Теңирберген деп азан чакырып, ысым берген мисалдар аз эмес. Балалуу болууну тилеп кылган аракеттердин ичине кирген ишенимдер дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө, айрыкча казак, түрк, монгол элдеринде кеңири кездешет [2: 96-б.], [113: 97-б.]. Ушуга байланыштуу кызыктуу мисалды буряттардын жашоо тажрыйбасынан да кезиктиребиз. Бул тууралуу К.Д. Басаева: "Эгерде жаңы үйлөнгөн жаш жубайлар балалуу боло албай жатса, оттун кудайына бир койду же тарасунду садага чабат. Бул ырымды шаман эмес, улустун башчысы болгон *хаялгаша* аткарат" - деп белгилейт [4: 60-б.]. Отко таазим кылуу маданияты монгол элинде да кеңири тараганы маалым.

Талас өрөөнүндө жашаган элден топтолгон материалдардан улам, кыргызда төрөбөй жүргөн аялдар ар түрдүү элдик дарылануунун жолдору менен ыкмаларын кеңири колдонуп келгендигин байкоого болот. Элдик дарылануунун натыйжалуу ыкмаларынын бири катары касиеттүү жерлерге – мазарларга барып сыйынуу эсептелет. Ал салттын, тукумсуздуктан кутулуунун *"эффективдүү"* ыкмасы катары эл арасында кеңири тараганын С.М. Абрамзон дагы ынанымдуу белгилеген [1: 263-б.]. Кара-Буура районуна караштуу Арчагул айылында *Эшен-Атанын*, Көк-Сай айылында *Кочкор-Атанын*, Аманбаев айылында *Бала-Мазар*, Бакайыр айылында *Ак-Тайлак*, Боо-Терек айылында *Боотерек* мазарлары жана Талас районунда *Манастын* күмбөзү, *Каныкей апанын* булагы жана Арал айылында *Зулпукор-Атанын* мазары, Бакай-Ата районунда Өзгөрүш айылында *Нылды-Ата* мазары бар. Ошол мазарларга бала төрөй албай жүргөн же баласы боюнда токтобогон келиндер барып сыйынышып, зыярат кылышат. Зыярат кылып сыйынууга бара тургандардын пикиринде, ага карата шек саноо же мажбурлоо менен айласыздан келип, үстүртөн мамиле кылуу оң натыйжа бербейт. Ал эми чын ниети менен бала сурап, ага тиешелүү ырымдарды көңүлдөнүп жасаган учурда Алла Таала бала берет деп ишенишет. Ниети бир, жаздыкташ болгондуктан, мындай ырым-жырымды аткарууда күйөөсүнүн аялынын жанында болушу зарыл шарттардан болуп эсептелет [9].

Табигый келип чыккан ыйык жерлер, архаикалык культтарга гана эмес, салттуу көз караштарга жана ырым-жырымдарга да байланыштуу. Аларды түзүү эч кандай күч-аракетти талап кылбагандыктан, башка түрлөргө караганда кеңири таралган. Талас облусунда эле табигый теги 225ге жакын ыйык жерлер бар [8: 6-б.]. Алардын арасында жаратылышы аралаш ыйык жерлер бар.

Ыйык объекттердин аралаш айкын түрүнүн мисалы катары Манас Атанын күмбөзү болуп саналат. Күмбөз Талас облусундагы Таш-Арык айылынын түндүк-чыгышында жайгашкан [8: 41-б.]. Күмбөздүн түндүк-чыгышында Манастын төлгөчү таштары деп аталган таштар, алардын артында Кароол-Чоку же кароол тоо чокусу орун алган. Комплекстин түндүгүндө музей жана ипподром курулган. Түндүк-батышында «Манас-Ата гүл бакчасы» жана административдик имараттар жайгашкан. Батышта шыпаакана, же дарылануучу имараттар, түштүк-батышында Ажыбек датканын бейити жана күмбөзү бар. Андан ары ритуалдык тойлорду өткөрүү үчүн имараттар жайгашкан. Күмбөздүн түндүгүндө дагы башка көрүстөндөр кездешет [2].

Манас Атанын күмбөзүн изилдөөчүлөр XIII-XIV кылымдарга таандык экенин айтышат. Күмбөз Борбордук Азиялык архитектура үчүн бийиктиги, көлөмү боюнча бир бөлмөлүү салттуу мавзолейди элестет. Ал пайдубалсыз, бир нече катардан турган таш плиталарынын үстүндө жайгашкан. Бул жердеги сыйынуу объектилерине күмбөз, чоку, булактар, бак-дарактар, исламга чейинки байыркы көрүстөндөр кирет. Байыркы көчмөндөр бул күмбөздөрдү ата-бабаларын эскерүү же руханий жөрөлгөлөр

үчүн колдонгон деп божомолдонуп келет.

Манас Атанын күмбөзүнөн 1.5 чакырым алыстыкта Каныкей апа менен Айчүрөк апанын булагы жайгашкан. Ал булактардын суулары дарылык касиетке ээ. Ар кандай шыпаа булактары сыяктуу эле, кыргыздардын салттуу ишенимдеринде Манас-Атанын күмбөзү да рухтардын жана камкорчулардын мекени болуп саналат. Бул ыйык жерлер учурда Талас облусунун жергиликтүү тургундары үчүн гана эмес, кыргыздардын байыркы ишенимдери менен культтарынын жандануусуна кызыккан адамдар жана башка илимдердин өкүлдөрү үчүн да популярдуу жайлардын бири болуп эсептелет. Адамдардын жан дүйнөсүн тазалоо, ички тынчтыкка жетүү жана стресстен арылуу үчүн табиятта медитация, ретриттер, табият терапиясы жана башка руханий практикалар сунушталып келет. Жаратылыш жана руханий практикалар адамдын денесине, акыл-эсине жана жан дүйнөсүнө терең таасир этет. Байыркы доорлордон бери адамдар жаратылышты ыйык көрүп, анын күчүн руханий жактан тазалануу, күч-кубат алуу жана жан дүйнө тынчтыгына жетүү үчүн колдонуп келишкен. Бүгүнкү күндө да бул байланыш психологияда, альтернативдик медицинада жана заманбап руханий кыймылдарда кеңири колдонулуп жатканы коомчулуктан көрүп жатабыз.

Бир үй-бүлө Каныкей апанын булагына зыярат кылып барып, булактардан суу ичип жатканда, ошол жердеги көлөкөдө Каныкей апанын айкелинин алдында бир орус аял отурган экен. Аны көргөндө үй-бүлө мүчөлөрүндө башка улуттун да өкүлдөрү келеби деген кызыгуу пайда болот. Жубайы атайын даярдап барган токочторун ачып, ал орус аялды дасторконго чакырып сөзгө тартса, аты Наташа, ал Москва шаарынын өзүнөн келгенин айткан. Түшүнө Манас Ата кирип, аян менен ушул жерге чакырган экен. Манас Ордо комплексине келгенине 7 күн болуптур, эми дагы 4 күн болом деген. Бул жерде жалпы 11 күн болушум керек, антпесе ага кандайдыр бир тоскоолдуктар жаралып калышынын ыктымалдыгын баса белгилейт. Мен бул жерден энергия алып, жеңилдеп жатам деп, бирөө менен баарлашып отургандай кобурап отурганы байкалган. Кызыгып сурап көрсө ал өз ишениминде мантра айтып, транска түшүп жатканын айткан. Ал сөзүн улап, Каныкей апанын айкелинин алдындагы жерге тоголонсоңор, жер силердеги терс энергияларды тартып алып, жан дүйнөңөрдү тазалап, энергия берет дейт. Бул конкреттүү мисал, ар бир элдин сыйына турган "сырттан туюучу" кереметтери бар ыйык жайлар, ишенип келген адамдарды кыйла жеңилдеткен касиетке ээ экендигин көрсөтүп турат.

Кыргызстанда ташка чегилген петроглифтер кеңири таралган. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн аракети менен Фергана кырка тоосундагы Саймалы-Таш, Талас өрөөнүндөгү Жалтырак-Таш, Ысык-Көлдөгү Чолпон-Ата, Оштогу Сулайман-Тоо жана башка петроглифтик комплекстердин эстеликтериндеги петроглифтердин жайгашкан жерлери аныкталып, көчүрүлүп жана анализденген [10: 32-б.]. Адамзат тарыхында таштарга чегилген сүрөттөр жана айкелдер эң байыркы маалымат булактарынын бири болуп саналат. Алар биздин ата-бабаларыбыздын дүйнө таанымын, маданиятын жана жашоо образын ачып берет. Кыргызстан жана Борбор Азия аймагы мындай тарыхый эстеликтерге абдан бай. Алардын арасында аркар, бугу, жапайы эчки, андан сырткары адамдардын шамандык бийлери тартылган. Таш беттеринде жылкылардын, аркарлардын, эчкилердин, илбирстердин байыркы сүрөттөрү, ырым-жырымдардын жана аңчылыктын көрүнүштөрү тартылган таштар көп кездешет. Алардын келип чыгышы ыйык жана ритуалдык мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Сүрөттөр жергиликтүү калктын өзгөчө жана өтө бай маданиятын, диний өкүлчүлүктөрүн жана тотем-генеалогиялык салттарын, ошондой эле аларды курчап турган дүйнө менен кеңири тарыхый-маданий байланыштарын чагылдырат.

Байыркы кыргыздардын ишениминде аркар жана башка мүйүздүү жаныбарлар өзгөчө орунду ээлеген, бул сүрөттөрдөн көрүнүп тургандай, энеолит жана коло доорунда жаралган көптөгөн петроглифтерди байыркы кыргыздар да ыйык тутушканын билсек болот. Алардын сыйынуусу бүгүнкү күндө да сакталып келет. Исламга чейинки салттарды - шаманизмди жана теңирчилик культун кармангандардын айтымында, Саймалы-Таш алар үчүн ыйык жай болгон бийликтин жери, байыркы сыйынуучу жай. Көзү ачык, табып деп эсептелген адамдар мын-

дай жерлерди аздектеп, аларга тымызын ырым-жырым менен зыярат кылышат. Петроглифтерди ыйык санагандардын арасында мусулмандар да бар. Суфизмдин мистикалык салттары, азыркы неосуфизм, ошондой эле Кыргызстандагы «күнүмдүк ислам» ыйык нерселерди аздектөөгө мүмкүндүк берет. [7]

Кыргызстандын табигый сыйынуу объектилеринин ичинен артыкчылыктуу жерлердин бирин тоолор жана таштар ээлейт. Нылды-Ата ар дайым мусулмандар үчүн гана ыйык сыйынуучу жай болгон эмес экендиги талашсыз. Буга чейин тоо ар кандай байыркы культ жана диндердин жолдоочулары үчүн, өзгөчө отко сыйынгандар үчүн да культтук мааниге ээ болгон. Нылды-Ата Эчкилүү тоо кыркасынын таштак коосунан орун алган. Башкача айтканда, ошол коону бүтүндөй ушул мазарга тиешелүү десек болот. Бул жерде негизинен 23 мазар бар, алардын тең жарымы таш түрүндөгү мазарлар.

Манас-Атанын күмбөзү менен Нылды-Атага ар кайсы улуттун, диндердин өкүлдөрү ар кандай максатта келип зыярат кылышат. Бул алардын дининин канондоруна карама-каршы келсе да, көбүнчө шыпаа издеп, тилектерин орундатышат. Мисалы, Нылды-Ата бейрасмий түрдө дагы эле мусулмандардын зыярат кылуучу жайы катары эсептелинет, ага мусулмандар жигердүү зыярат кылышат жана сыйкырдуу «дарылоонун» бардык салттуу процедураларынан өтүшөт. Алар суу чачып сезгендирүү, таш ыргытуу, эки таштын ортосунан өтүү, ташты кучактоо, ташка жөлөнүү жана аскалардын жаракаларына баштарын коюу сыяктуу кыймылдарды тилек тилөө менен бирге жасашат. Мындай сыйынуу ритуалдары исламда кабыл алынбайт.

Көпчүлүккө белгилүү болгон Зулпукор күмбөзү  Таластагы Арал айылынын түштүк-батышында жайгашкан. Күмбөздүн түштүк тарабында Арал айылынын көрүстөнү, анын батыш тарабында мазар кароолчусунун үйү турат. Күмбөздүн өзү абдан эски, анын дубалдары урап жатат. Күмбөздүн төрт тарабында сырткы эшиктер бар. Адамдардын бул жерге зыярат кылуу сапары үзүлбөйт. Кээ бир зыяратчылардын жана элдик табыптардын айткандарына караганда, Зулпукор мазарынын тарыхы ар түрдүүчө айтылып келет. Биринчи вариантта Азиреги Алинин кылычынын сыныгы түшкөн. Ошондо Али: «бул жерде баласыздар балалуу болсун, оорулууларга шыпаа берип сакайып кетсин!» деп айткан экен. Бул кылычтын учу айры сыяктуу болгон. Ал эми жергиликтүү аксакал Нурманбетов Тургунбек айтып берген экинчи вариантка караганда, мазар Зулпукар деген белгилүү байдын кызынын күмбөзү болуп саналат. Ал көчүп бара жатып ошол жерде каза болгон [11]. Бул күмбөздү ким курганы белгисиз. Жергиликтүү тургундар күмбөз үчүн кирпич башка чет жерден алынып келингенин айтышат. Манас менен Зулпукордун күмбөздөрүнүн кирпичтери окшош деп эсептелет.

Маалымат берген маектештер мына ушундай ыйык жерлерге зыярат кылган адамдарга көптөгөн аяндар берилет дешет. Зыярат кылып келгендер кур келбейт, өздөрү менен жети токоч алып келет жана мал союп курмандык чалышат. Бирок сөзсүз ишенип келүүсү керек, эгерде ишенбей, ниети туура эмес келсе анда тилеги кабыл болбойт. "Ушуга чейин элдерден угуп келдим эле, бирок мен өз көзүм менен Зулпукор мазарынан катар-катар бешик көрдүм"- дейт биз менен маектешип маалымат берген Байбачаева Света [12].

Жогоруда айтылган жерлерге бүгүнкү күндө зыяратчылар абдан эле көп барат. Алар демөөрчүлүк кылып, керектүү нерселеринин баарын алып барып даярдоого жардам берип келишет. Барган зыяратчылар түлөө өткөрүп, курмандык чалып, садага беришкендиги, жакшы тилектерин жараткан кудайдан, ата-бабанын арбагынан тилегендиги жана жардам сурап кайрылгандыгы тууралуу Х. Карасаев жазган [5: 435-б.].

Айтылган ой-пикирлерди жыйынтыктап жатып, доорлордун алмашуусуна же ар кандай диний ишенимдердин болгондугуна карабастан, кыргыздар үчүн түпкүлүктүү баалуулуктар өз маанисин жоготпой келгендигин белгилесе болот. Адамдар зыярат кылуунун талап-эрежелерин бири-биринен угуп сактап келишет. Азыркы учурда муктаждуулар гана эмес, сынагандар, кызыккандар, кыргызчылык эмес, кыргыз дүйнөсүн дегеле билбеген кишилер да барышы мүмкүн экендигине ынандык. Кыргызстандын аймагында кыргыз элинин маданияты менен байланышкан зыярат кылуучу объектилер, кылымдар бою калыптанып, адамдарды

өзүнө тартып турган "сыйкырдуу" күчү бар жайларга айланганын көрөбүз.

Алардын бардыгы синкреттик мүнөзгө ээ. Ар түрдүү ыйык жерлердин болушу кыргыздардын ата-бабаларынын диний ишенимдери бай тарыхый-маданий мурастардын ичине кире тургандыгын дагы бир жолу тастыктайт. Бул ыйык эстеликтердин өзү эле эмес, аларга карата жасалган мамиле да чоң кызыгууну туудурат. Алар кылымдар бою көптөгөн ишенимдердин катмарланышынын аркасында ырым-жырымдардын тата-ал системасын түзүшкөн. Бул жөрөлгөлөр, кыргыз элинин күнүмдүк маданиятында дагы эле татыктуу ордун жана маанисин сактап келе жатат. Ошондуктан байыркы ыйык жерлерге зыярат кылуу токтобойт деген божомол айтууга негиз бар деген ойдобуз. Ар кандай типтеги «ыйык жерлерди» азыркы кездеги аздектөө практикасын иликтөө ишин колго алып жандандыруу актуалдуу маселелердин катарына кирет.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / авт. вступ. ст. С.Т. Табышалиев.Ф.: Кыргызстан, 1990.
2. Акышев Т., Жуманалиев А. Кут конгон "Манас Ордо". – Б.: "Шам", 2005.-264б.
3. Аргынбаев Х.А. Казак халкындагы семья мен неке. Алматы, Галым -1973.-328 б.
4. Басаева К.Д. Семья и брак у бурят (XIX-начало XX века). Новосибиркий: Наука.- 1980. -225с.
5. Карасаев Х. Накыл сөздөр.-Б., 1995. 435-б.
6. Кыргызстандагы мазар басуу: Талас тажрыйбасынын негизинде. – Б.: 2010. 508 б.
7. Павличенко З.Ю. Исторические судьбы объектов почитания кыргызов // Электронный научный архив УрФУ [Электронный ресурс]. https://elar.urfu.ru/bitstream/10995/83879/1/978-5-321-02538-3_2017_061.pdf
8. Талас жергесиндеги кылым карыткан мазарлар / "Айгине" маданий-изилдөө борбору.-Б.:2005. – 80б.
9. Усубалиева А.С. Адам жашоосуна байланыштуу каада-салттар. –Б.: 2016. – 164 б.
10. Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш. Материалы и исследования по археологии Кыргызстана // Изучение наскальных рисунков на местонахождении КараТоо в 1993 году. Вып. 4. Бишкек: Илим, 2009.

**Маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси:**

11. Нурунбетов Тургунбек, 78 жашта, Талас району, Арал айылы.
12. Байбачаева Света, 61 жашта, Талас шаары.


УДК 39:641(575.24)

**Исабек Ниязбек уулу**, Б.Осмонов ат. ЖАМУ,
**Салибаева Жайгүл Султановна**, К.Ш.Токтомаматов ат. Эл аралык университети

## МЫШЫК МАЗАРДЫН ТАРЫХЫ ЭТНОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨ

**Исабек Ниязбек уулу,** ЖАГУ им. Б.Осмонова,
**Салибаева Жайгүл Султановна,** Международный университет им. К.Ш.Токтомаматова

## ИСТОРИЯ МЫШЫК МАЗАРА В ЭТНОГРАФИЧЕСКИХ ИССЛЕДОВАНИЯХ

**Isabek Niyazbek uulu**, Jalal-Abad State University named after. B. Osmonov,
**Salibaeva Zhaigul Sultanovna**, International University named after K.Sh.Toktomamatov

## THE HISTORY OF MYSHYK MAZAR IN ETHNOGRAPHIC STUDIES

**Аннотация.** Макалада Мышык Мазар этнографиялык объект катары изилденип, анын тарыхый, маданий жана диний өзгөчөлүктөрү талданат. Изилдөөдө оозеки тарых жаздыруу жана салыштырма анализ усулдары колдонулуп, мазардын аталышынын келип чыгышы, тарыхый мааниси жана коомдук турмуштагы ролу иликтенген. Мазарда аткарылган ырым-жы-